Жоругу таттуу сүйүүмсүң

Сөзү: Байбугуева Күлбүбү
Обону: Кыязов Адылбек

Өзгөгө билбейм кандайсың э,

Өзүмө жарык шамдайсың.

Түндөсү уйку келтирбей,

Күндүзү ээрчип калбайсың.

Башкага билбейм кандайсың,

Бактыма күйгөн шамдайсың.

Бардыгын эстен чыгартып,

Бассам да, турсам жандайсың.

Ысысам, салкын жаздайсың,

Үшүсөм, ысык жайдайсың.

Билгизбей салган тузакты,

Билбеймин деги кандайсың.

Агарып аткан таңдайсың,

Аякка куйган балдайсың.

Алдыртан салган тузакты,

Айтчы сен деги кандайсың.

Жарыгын чачкан күнүмсүң,

Жылдызы жанган түнүмсүң.

Жарпымды жазып жиберет,

Жарк этип, карап күлүшүң.

Жыттасам жыпар гүлүмсүң,

Ырдасам мукам үнүмсүң.

Жолукпай жүргөн мурдатан,

Жоругу таттуу сүйүүмсүң.

Жоругу таттуу сүйүүмсүң

Автор текста Байбугуева Күлбүбү

Автор мелод. Кыязов Адылбек